Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын **«Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы»** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата расмий оппоненттин

# ПИКИРИ

Диссертациялык иш Кыргыз Билим берүү академиясынын мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясында аткарылган.

Илимий жетекчиси – Кыргыз Билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери, филология илимдеринин доктору, профессор Байгазиев Советбек Орозканович

Диссертациянын жалпы көлөмү – 200 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 174, таблицалар – 11, сүрөттөр – 10.

**Киришүү бөлүмүндө** салттуу түрдө изилдөөнүн актуалдуулугу тууралуу жалпы илимий-теориялык обзор берилген.

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

Кыргыз адабияты өзүнчө предмет катары мектептерде окутула баштагандыгана бир кылымга чукулдап баратат. Бул мезгил аралыганда адабиятты окутуунун бир топ тажрыйбалары топтолуп, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы өзүнчө илим катары калыптанып, өнүгүп, азыркы билим берүүнүн талаптарына ылайык өркүндөтүлүүдө. Кыргыз адабиятын окутуунун теориялык жана практикалык бир катар орчундуу маселелери ийгиликтүү чечилип, окутуу процессинде колдонулуп келет.

Бул диссертация легенда менен уламыш терминдеринин адабият таанууда такталбай келе жаткандыгы, ага окуу процессинде ага бирдиктүү баа берилбей, чаташып айтылышына байланыштуу зарылдыктан улам жаралган. Окуу программаларында бирде легендалык, бирде уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деп айрым поэмаларды, повесттерди, драмаларды атай беребиз. Ошондуктан адабият таануучулук жактан талдоо, методикалык жактан бирдиктүү

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 31 «8» 02 2021 ж/г

термин менен атоо зарылчылыгы турат жана легендалык чыгармаларды заманбап технологияларга ылайык окутуу методикасын иштеп чыгуу муктаждыгы, алдыңкы педагогикалык иш-тажрыйбалардын жалпылаштырылбагандыгы, инсанга багытталган окутууга басым койгон илимий-методикалык изилдөөлөрдүн зарылдыгы да бул диссертациянын актуалдуулугун шарттайт.

Изденүүчү өз алдына мына ушундай зарыл болгон актуалдуу проблеманы койгон жана аны чечүүгө аракет жасаган.

Биринчи глава **«Орто мектепте кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун илимий-териялык маселелери»** деп аталат. Бул бапта диссертант КРдин Жогорку аттестациялоо комиссиясы талап кылгандай эле териялык мүнөздө болуп, легендалык чыгаралардын илимий-теориялык жактан изилдениши, легендалык чыгармалардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши жана усулдук эмгектерде изилдениши тууралуу пикирлерди анализдейт жана ага өз позициясын билдирет.

Диссертанттын проблеманын тарыхын изилдөөдө түрк, азербайжан, өзбек, кара калпак, казак, башкыр, крым татарлары, алтай, хакас, тува, шор, карачай, уйгур, якут, долган, тофа, чуваш элиндеги "легенда" түшүнүгүнүн аталышына токтолуп, түрк илимпоздорунун эмгектерин бир топ натыйжалуу талдоого алган.

Терминге аныктама берүүдө орус окумуштууларынан тартып кыргыз фольклористтери К.Байжигитов, Б.Кебекова, Т.Танаевдин илимий изилдөөлөрүнө чейинки пикирлерди да жектиликтүү анализдей алган.

Диссертан Р.Кыдырбаева менен А.Муратовдун «Уламыш – элдик адабиятта кеңири колдонулган баяндоо жанрынын бири. Мазмунунда тарыхый бир чындык тарыхтагыдай эле баяндалат жана турмуш чындыгында кездешкен окуялардан сөз кылынат. Уламыштарда тарыхый инсандар, окуялар, көрүнүштөр жана жер-суу аттарынын келип чыгышы тема катары алынат» деген пикирин колдоого алып терминди уламыш деп пайдаланууну максаттуу деп эсептейт. Бул главада уламыш менен жомоктун айырмасы да бир топ илимий аныктамалар менен тастыкталып, диссертантын жеке пикири да сунушталган.

Диссертанттын кыргыз легендаларын абдан анализдеп чыккандыгын 1.1.-

таблицада сунуштаган легендаларын классификациясынан да байкоого болот (диссертациянын 24-бети).

Легендалардын окуу программаларында, окуу китептеринде берилишин бул главада диссертант абдан терең талдоого алган. Мектеп программасында окутулуп жаткан ар бир легенда көз жаздымда калбай талданган. Бул да болсо диссертанттын мектепте иштеп, илимий тыянактарын практикада ийгиликтүү тастыктагандыгы.

Жалпысынан, биринчи глава изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин аныктап алууга багытталгандыгы диссертацияга коюлган жалпы талаптарга ылайык келет.

Диссертациянын экинчи главасы: **«Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуп-үйрөтүүнүн методологиясы жана методдору»** деп аталып методология, методдор жөнүндө маалыматтар берилип, легендалык чыгармалардын өзгөчөлүктөрү талдоого алынган. Легендалык чыгармаларды окутуудагы салттуу жана интерактивдүү методдорду пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталган.

Диссертанттын дагы бир артыкчылыгы катары иштин апробациялык бөлүгү терең иштелгендигин белгилөөгө болот. Анткени диссертант өзү мугалим катары мектепте сабак берет. Ар бир процесске өзү катышат. Анын эксперименттери жана алардан алган натыйжалар да бизди ынандырат.

А.Б.Батыркулова легендалык чыгармаларды мектепте окутуу менен окуучулардын адептик тарбия алышына, эстетикалык табитинин жогорулашына өбөлгө түзүү үчүн төмөндөгүлөрдү сунуштайт:

- Легендалык чыгармаларды үйрөтүүдө мугалимде жетиштүү деңгээлде ал тууралуу теориялык илимдин болушу шарт;

- Аталган жанрды окутууда мугалим бул чыгармалардын тереңинде сүңгүп жаткан элдин тарбиялык улуу ойлорун окуучуга жаш өзгөчөлүгүн, кабыл алуусун, жөндөмүн эске алуу менен анын жан дүйнөсүнө сиңирүүгө жетиши керек;

- Окуучу мындай чыгармалардын маани-маңызын жетик аңдап түшүнүүсүнө жетишүү үчүн окутууда мугалимден жаңы, интерактивдүү ыкмаларды билүүнү талап кылат (Диссертациянын 105-бети).

Диссертациянын үчүнчү главасы **«Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун технологиясы»** деп аталат. Диссертант бул бапта легендалык чыгармаларды окутууда адабият мугалими чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүгүнө өзгөчө көңүл бурушу керектигине токтолуп, окуучу өтүлүп жаткан чыгармадагы уламыштык негизди түшүнбөсө ал чыгармадагы идеялык-тематикалык байлыкты өздөштүрө албастыгын белгилеп, легендалык чыгармалар дал ошол легендалык маңызы менен адабият сабагына аралашууга тийиш экендигин аныктап берген.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** кыргыз адабиятын окутууда “легенда” (уламыш) термин-түшүнүгүнүн адабий жанрдын табиятынын такталгандыгы; легендалык чыгармаларды октуунун илимий-методикалык негиздеринин аныкталгандыгы; методологиялык негиздеринин, изилдөө методдорунун такталышында; легендалык чыгармаларды окутуу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, практикалык сунуштар иштелип чыккандыгы менен шартталат.

**Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

1. Диссертацияда адабияттаануу, педагогика илимдеринин методологиясына таянып орто мектепте кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун зарылдыгы аныкталгандыгында.
2. Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуу боюнча технологиялары, практикалык сунуштар иштелип чыккандыгында.
3. Изденүүчүнүн теориялык ойлору, сунуштары педагогикалык экспериментте сынактан өткөрүлгөндүгүндө.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу:** Изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык жыйынтыктар жана практикалык сунуштар орто мектептин кыргыз адабияты курсунда окутуунун мазмунун байытуу менен окуучулардын легендалык чагармаларды өздөштүрүүсү; легендалык чыгармаларды окуу программалары менен окуу китептеринде берилиши иреттелип, окутуунун технологияларынын иштелип чыккандыгы орто

мектептердин мугалимдери үчүн практикалык жардам болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын тастыкталышы** талапка жооп берет.

**Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары, жоболору** 25 илимий эмгектерде, анын ичинен 18 илимий макалаларда жарыяланган. Автордун илимий илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде формулданган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды толугу менен өз ичине камтыйт.

**Автореферат** диссертациянын негизги мазмунун ачып берет, анда кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмеси туура, жеткиликтүү иштелген.

Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын диссертациясы орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуу проблемасы боюнча кыргыз педагогика илиминде өз орду бар, толук бүткөрүлгөн жана өз алдынча аткарылган илимий изилдөө деп эсептеймин.

**Диссертациялык иште кездешкен айрым бир мүчүлүштүктөр жана биздин сунуштар** төмөнкүлөр менен байланыштуу:

1. Диссертацияда көркөм чыгармалардан алынган үзүндүлөргө өтө көп орун ажыратылган, бул болсо табигый түрдө диссертациянын көлөмүн көбөйтүүгүнү шарттаган. Биздин оюбузча, үзүндүлөрдү азыраак берип, теорияны көбөйтүш керек эле.
2. Диссертацияда сабактын фрагменттерине, суроолор жана тапшырмаларга абдан көп орун берилген. Биздин оюбузча булардын ордуна теориялык маселелерди иреттештирип, өз орду менен берсе туура болмок.
3. Коргоого коюлуучу негизги жоболорду кайрадан иштеп чыгуу зарылдыгы бар. Так эмес. Илимий стилде иретке келтирүү зарыл.
4. Диссертацияда айрым пунктуациялык, орфографиялык, стилистикалык каталар кездешет.

Биз белгилеген кемчилдиктер жана сунуштар диссертациянын жалпы деңгээлине таасирин тийгизе албайт, биздин пикирлер сунуш үчүн гана айтылды.

**Жалпысынан,** Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын «Орто мектепте кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы" аттуу

темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы жана анын негизинде жазылган автореферати Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобосуна» ылайык актуалдуу темада жазылган, жеке өзү тарабынан аткарылган жана бүткөрүлгөн илимий иш болуп эсептелет, ал эми изденүүчү А.Б. Батыркулова 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептеймин.

**Расмий оппонент:**

**Акматов Кыялбек Камутович,**
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана
илим министрлигине караштуу “Республикалык
илимий-практикалык “Окуу китеби” борборунун
директору, педагогика илимдеринин доктору, доцент
(13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун
теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)

*К.К.Акматовдун колун тастыктаймын*
*КРдин Билим берүү жана илим министринин орун басары Н.С.Джумабекова*

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.20.623
08. 02. 2021
Абдрасулов Д.К.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

**Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

Легендалар элдик оозеки чыгармачылыктын байыркы жана өзгөчө баалуу маданий баалуулуктардын мыкты үлгүлөрү катары таанылып, кыргыз адабияты сабагында өткөн кылымдын 50-жылдарынан тартып окутулуп келе жаткандыгына карабастан, ага байланыштуу бир катар маселелер али толук чечиле элек. Легендалык чыгармалар кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында көп учурап, азыркы кыргыз адабиятында өтө кеңири колдонулуп, адам таанууда, тарыхты үйрөнүүдө, жер-суу аттарын тактоодо, табиятты, жаратылышты таанып - билип, жаштардын руханий жан дүйнесүн байытууда маданий, эстетикалык азык, булак экендигин эске алуу менен орто мектепте аларды окутууга өзгөчө маани берип, окуучулардын көркөм, образдуу ой жүгүртүүлөрүнө, улуттук улуу баалуулуктарды барктоо жана алар менен сыймыктанууга үйротүү зарыл.

Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизи тууралуу түшүнүк берген киришүүдөн, 3 главадан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден уюштурулган.

Диссертациянын биринчи главасы «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун илимий-теориялык маселелери» - деп аталып, анда легендалык чыгармаларды окутуунун методологиялык, педагогикалык-психологиялык жана методикалык негиздери, легендалык оозеки материалдардын табияты жана окутуп-талдоонун филологиялык багыты, педагогикалык көйгөйлөрү, дидактикалык

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 30 « 8 » 02 2021 ж/г

принциптери жалпылаштырылган. Легендалык чыгармаларды окутуунун өзгөчөлүктөрү жана окуу программаларындагы, окуу китептериндеги ордуна, ролуна жалпы анализ жүргүзүлгөн.

Диссертациянын 13-бетинде: «Ар бир легенда бул же тигил элдин жашоо шартына, улуттук өзгөчөлүгүнө ылайыктуу түзүлөт. Кээ бир легендалар өзүнүн көлөмү жагынан кичинекейлигине карабастан, ченемсиз мазмунду ээлейт, өзүнүн ченемсиз күчү менен адамды таң калтырат. Легендалар адамды акылдуулукка, баатырлыкка, эр жүрөктүүлүккө, эмгекчилдикке үндөйт» – деп баса белгилеген. Ал эми диссертациянын 29-бетинде: «Сабактын натыйжалуулугун арттырууда көмөкчү каражаттардын салымы чоң экендиги талашсыз. Ошентсе да мында башкы фигура – бул мугалимдин өзү. Эч кандай каражаттарсыз сабакты мыкты өткөн мугалимдер көп эле жолугат» - деп, жаш жеткинчектерге тарбия, билим берүүдө мугалимдердин, алардын чыгармачылык жөндөмү, дараметинин зор экендигин ачыктаган.

Экинчи глава «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуп - үйрөтүүнүн методологиясы жана методдору» - деген аталышта берилип, легендалык чыгармалардын өзгөчөлүктөрү талдоого алынып, аларды окутууда салттуу жана интерактивдүү методдорду оптималдуу пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталган.

Диссертациянын 56-бетинде: «Адабияттын адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен. Адабият өзүнүн образдык-эмоционалдык жаратылышынын аркасында коомдун адеп-ахлак идеяларын, бийик гуманисттик жана рухий асыл нарктарын окуучунун сезим-туюму, эмоциясы, психологиясы аркылуу өтүп, анын аң-сезимине, рухуна бекем сиңире билүү жөндөмдүүлүгү менен тарбия системасында башка предметтерге караганда кыйла артыкчылыктарга ээ» - деп айтуу менен балдарды адептик оң сапаттарга үйрөтүүнүн эң таасирдүү куралы катары көркөм адабият кызмат кыларын айтып өткөн.

Ошондой эле, легендалык чыгармаларды окутууда мугалимдин алардын жанрдык табиятына, өзгөчөлүгүнө өзгөчө көңүл буруу зарылдыгына токтолуп, чыгармалардын маани-маңызын түшүнүүсүнө жетишүү үчүн окутууда мугалимден жаңы, интерактивдүү ыкмаларды билүүнү талап кыланарын белгилеген.

Үчүнчү глава «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун технологиясы» - деп аталып, легендалык чыгармаларды интерактивдүү методдор менен окутуунун көйгөйлөрү жалпылаштырылган. Инновациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары белгиленип, окуучулардын тил байлыгын арттырууга, сынчыл ой жүгүрто билүүсүн өркүндөтүүгө, дүйнөнү кабылдоо деңгээлин жогорулатууга, тапкычтык, байкагычтык сезим-туюмун ойготууга, билимди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү уюштурууга багытталган.

Диссертациянын 112-бетинде: «Окуучулардын адабий билим деңгээлин жогорулатууда, окуу-тарбия процесстерин өркүндөтүүдө элдик оозеки чыгармалардагы асыл нарктардын ролу зор. Элибиздин акылман накыл сөздөрү, учкул кыялдары байыртадан тартып эле балдарды үй-бүлөдө, өзүн адептүү кармоого, сылык, кичи пейил болууга, ата-энеге сый көрсөтүүгө, калп айтпай, туура сүйлөөгө үйрөтүп, тарбиялап келген этнопедагогикалык илим болуп саналат» - деп айтып, элдик педагогикалык үлгүлөрдү мектеп тажрыйбасында пайдалануу маанилүү экендигин көрсөткөн.

Диссертациянын жалпы корутунду жана сунуштарында, легендалык чыгармалар боюнча окутуу каражаттары менен суроолор, тапшырмалар топтому иштелип чыгып, окутууда салттуу эмес жана интерактивдүү методдор интеграцияланып, интерактивдүү методдун: ролдук оюндар, тыным менен окуу, божомолдоо таблицасын толтуруу, башкарып окутуу, сабак-диспут, кырдаалга ылайык талкуу, кластер түзүү, топтук оюндар, жеке чыгармачылык тапшырмалардын түрлөрү ж.б. сабакты жандуу жана кызыктуу өткөрүүгө ылайык практикалык методдор сунушталган.

Изилдөөнүн корутунду-сунуштары ишенимдүү жасалган, алар коюлган милдеттердин чечилишине баш ийдирилген.

Изденүүчү А.Б.Батыркулова изилдөөгө жаңыча мамиле кылып, көтөрүлгөн бардык көйгөйлөрдү бүгүнкү күндүн талабына ылайык иштеп чыгууга жетишкен.

Илимий эмгек боюнча айрым бир сунуштарды айта кетсек:

1. Кыргыз элинин легендалык чыгармаларындагы көркөм сөз каражаттарына токтолуп, түшүндүрмө берилсе жакшы болмок. Сөз менен иштөө процесси диссертацияда чагылдырылган эмес.
2. Сабакты интеграциялап окутууга көбүрөөк басым коюлса, сабактын натыйжалуулугун арттырмак.

Бул айтылгандар диссертациянын илимий-методикалык аппаратына, түзүлүшүнө, жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт. Диссертация өз алдынча аткарылган илимий-изилдөө иш катары саналат жана диссертант алдына койгон милдеттерин толук аткара алган деп эсептөөгө болот.

**Жыйынтыктап айтканда,** Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын авторефераты Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» 10. пунктуна ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору А.Б.Батыркулова аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент, педагогика
илимдеринин кандидаты, доцент Абдырасулова Э.К.

Общий отдел
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
Подпись заверяю
К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯ
КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ МЕДИЦИНСКАЯ АКАДЕМИЯ ИМ

**“БЕКИТЕМИН”**
Жалал-Абад мамлекеттик
университетинин ректору,
техника илимдеринин
доктору, профессор

_______________ **К.Ж.Усенов**

“_4_” ___02___ 2021-ж.

Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы” аттуу диссертациясына жетектөөчү мекеме катары Жалал-Абад мамлекеттик университетинин **башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология** кафедраларынын

## КОРУТУНДУ ПИКИРИ

Илимий жетекчи – филология илимдеринин доктору, профессор
Байгазиев Советбек Орозканович .

Иш Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясында аткарылган.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Жалпы билим берүүчү мекемелерде таалим-тарбия иштерин улуттук маданий жана адабий баалуулуктар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруу менен жүргүзүү талабына артыкчылыктуу маани берилип келет. Улуттук жана адамзаттык асыл баалуулуктардын башаты да, бай казынасы да көркөм адабиятта, анын ичинде элдик оозеки чыгармаларда камтылган. “Адабияттын предмети адам жана анын кырдуу турмушу” (В.Белинский), ал эми “адабият сабагы адам таануу сабагы” (М.Горький) экендигин эске алганда, кыргыз адабиятын орто

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 29 «8» 02 2021 ж/г

мектептерде окутуунун мааниси, инсанды калыптандырып, таалим-тарбия берүүдөгү орду менен ролу канчалык экендиги айкындалат.

Кыргыз адабияты өзүнчө предмет катары мектептерде окутула башталышы жүз жылга чукулдап барат. Бир кылымга тете мезгил ичинде адабиятты окутуунун бай практикалык тажрыйбалары топтолуп, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы өзүнчө илим катары калыптанып, өнүгүп, азыркы билим берүүнүн талаптарына ылайык өркүндөтүлүүдө. Кыргыз адабиятын окутуунун теориялык жана практикалык бир катар орчундуу маселелери ийгиликтүү чечилип, окутуу процессинде колдонулуп келет. Аталган илимдин калыптанып өнүгүшүнө, азыркы абалына К.Иманалиев, Б.Алымов, С.Байгазиев, И.Исамидинов, С.Батаканова, С.Момуналиев, Н.Ишекеев, С.Рысбаев, А.Муратов, Б.Байсабаев, С.Сакиева, Б.Акматов, К.Акматов, Н.Мараимова, Т.Молдогазиев, Ж.Эшиев ж.б. окумуштуу-методисттердин илимий-методикалык эмгектери өз салымдарын кошкон. Бул багыттагы изилдөө иштери улантылууда. Легенда менен уламыш терминдеринин адабият таанууда такталбай келе жаткандыгы окуу процессинде ага бирдиктүү баа берилбей, чаташып айтылышына себеп болуп келет. Окуу программаларында уламыштын негизинде жазылган айрым поэмаларды, повесттерди, драмаларды бирде легендалык, бирде уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деп атай беребиз. Ошондуктан адабият таануучулук жактан талдоо, методикалык жактан бирдиктүү термин менен атоо зарылчылыгы турат жана легендалык чыгармаларды заманбап технологияларга ылайык окутуу методикасын иштеп чыгуу муктаждыгы, алдыңкы педагогикалык иш-тажрыйбалардын жалпылаштырылбагандыгы, инсанга багытталган окутууга басым койгон илимий- методикалык изилдөөлөрдүн зарылдыгы изилдөөбүздүн актуалдуулугун аныктайт.

**2. Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделишинин даражасы.**

Диссертацияда иштелип чыккан илимий жоболордун, жалпы жыйынтыктардын жана практикалык сунуштардын негизделишинин даражасы эксперименталдык тажрыйбалык иштердин жалпы жыйынтыктарын статистикалык негизде анализдөө менен камсыз кылынган. Ошону менен бирге педагогиканын, психологиянын, адабиятты окутуу методикасынын теориялык жоболорунун изилдөөнүн практикалык аспектилери менен ички өз ара байланыштары ишке ашырылгандыгы диссертацияда баса белгиленген.

Диссертациянын структуралык түзүмү андагы коюлган милдеттерге дал келип, алардын ар биринин чечилиши логикалык ырааттуулукта, удаалаштыкта көрсөтүлгөн. Изилдөө кириш бөлүмдөн, үч главадан, корутундудан, сунуштардан, библиографиядан жана тиркемеден турат, жалпы көлөмү 165 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси -175, таблицалар -11, сүрөттөр-5, тиркемелер - 5. Киришүү бөлүмдө диссертант тандалып алынган теманын актуалдуулугу, максат-милдеттери, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы, коргоого коюлуучу негизги жоболор, апробацияланышы тууралуу маалыматтарды берген.

Диссертациянын биринчи главасы **"Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун илимий-теориялык маселелери"** деп аталып, легенда, уламыш, легендалык чыгарма түшүнүктөрүн тактоо, легенданын башка элдерде аталышы, алардын классификациясы, легендалык чыгармалардын окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши эволюциялык планда анализденип, изилдөө жүргүзүлдү, аннотацияларына, сунуш-багыттамаларына, учурдагы окутулуш абалы каралган, анализ берилген.

Экинчи глава "**Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуп - үйрөтүүнүн методологиясы жана**

**методдору”** деп аталып, анда кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуу боюнча изилдөөнүн максат-маанисин, багытын, жүрүшүн жана күтүлгөн жыйынтыктарын туура белгилөө үчүн анын методологиясы аныкталган.

Легендалык чыгармаларды окутуунун эффективдүүлүгүн арттырууда окутуу методдорун колдонуунун жолдору изилденген жана тажрыйбалардын жүрүшү жана анын жыйынтыктары чагылдырылат.

3-глава **“Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун технологиясы”** деп аталуу менен, легендалык чыгармаларды интерактивдүү методдор менен окутуунун проблемалары жалпылаштырылган. Инновациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары белгиленип, окуучулардын тил байлыгын арттырууга, сынчыл ой жүгүртө билүүсүн өркүндөтүүгө, дүйнөнү кабылдоо деңгээлин жогорулатууга, тапкычтык, байкагычтык сезим-туюмун ойготууга, билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү уюштурууга багытталган.

Корутунду бөлүмдө изилдөө иши боюнча жүргүзүлгөн эксперименталдык жумуштардын жалпы жыйынтыктары, алар боюнча чыккан корутундулар жана практикалык сунуштар айтылган.

Изилдөөнүн акырында илимий-методикалык, педагогикалык жана башка адабияттардын тизмеси жана тиркемеде легендалык чыгармаларбоюнча сабактардын иштелмелери берилген.

Тажрыйбалык-эксперименталдык иштердин мазмуну, натыйжалары, педагогикалык иш-тажрыйбалар жалпылаштырылып, керектүү жыйынтык-корутундулар чыгарылган. Изилдөөдөн алынган жалпы жыйынтыктар бир катар практикалык сунуштарды айтууга негиз болгон.

**3.Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси.**

“Легенда” (уламыш) термин-түшүнүгүнүн, адабий жанрдын табиятынын такталышында, легендалык чыгармаларды окутуунун илимий-методикалык негиздеринин аныкталышында; методологиялык негиздеринин, изилдөө методдорунун такталышында; Легендалык чыгармаларды окутуунун

технологияларынын иштелип чыгышы, легендалык чыгармаларды окуу программалары менен окуу китептеринде берилишин иреттөө, легендалык чыгармаларды окутуунун натыйжалуу методикасынын иштелип чыгышы, практикага сунушталышы менен баалуу.

**4.Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:**

Изилдөөдөн келип чыккан негиздемелери, тыянактары, сунуштары окутуу кыргыз тилиндеги мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга салым кошот. Изилдөөнүн материалдары мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында усулдук колдонмо катары пайдаланылат. Кыргыз адабияты боюнча билим берүү стандартын өркүндөтүүгө, ОМКин даярдоого жардам берет.

SunRav информациялык системасында электрондук окуу материалдарынын негизинде түзүлгөн электрондук колдонмосу окуучулардын өз алдынча билимин өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт, жалпы интернет ресурстарынан өз алдынча окуп үйрөнүүгө ар бир каалоочу окурмандардын билим алуусуна шарт түзүп, мектеп окуу программасы боюнча мугалимдерге методикалык булак катары колдонулат.

Изденүүчүнүн **жеке салымы** катары мына буларды белгилөөгө болот: изилдөөнүн темасына байланыштуу илимий-теориялык, илимий-методикалык эмгектер, практикалык тажрыйбалар изденүүчү тарабынан өз алдынча окуп-үйрөнүлүп, жалпылаштырылып, алар боюнча тыянактар чыгарылды. Легендалык чыгармаларды уламыш деген термин менен атоо, мындан ары адабият программаларында жана окуу китептеринде ушул теманы туруктуу бекитүү керектигин изилдөөбүздө көрүп ынандык. SunRav информациялык системасында электрондук окуу материалдарынын негизинде электрондук колдонмосу түзүлгөн.

**5.Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келиши.**

Диссертация киришүүдөн, үч глава жана корутундудан турат. Изилдөөдө 175 аталыштагы эмгектер пайдаланылган. Авторефераттын көлөмү резюмелерди кошпогондо белгиленген талаптан ашкан эмес. Автореферат диссертациянын мазмунун толук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши главалар боюнча так көрсөтүлгөн.

Жалпысынан, изилдөө ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо айрым мүчүлүштүктөр да байкалды, алар:

1.Диссертацияга изденүүчү легенда менен уламыштын окшоштугун, айырмачылыгын табуу, экөөнүн бир түшүнүк экендигин далилдөө проблемасын кеңири масштабда алган, андан көрө легендалык чыгармаларды окутуунун технологиялары, методдорун кеңири планда караса бөлмөк.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлин төмөндөтпөйт. Себеби, диссертациянын жыйынтыктары Легендалык чыгармаларды окутуу жаатында окутуунун теориясы менен практикасына олуттуу салым кошо ала турган изилдөө болгон.

Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын **“Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы”** деген темадагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү” Жобосунун 10-пунктунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Батыркулова А.Б. 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология

кафедраларынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2021-жылдын 3-февралында (№10 протокол) талкууланып, бекитилди.

**Катышкандар:**

1.Сакиева С.С.– педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);

2.Токтогулов С.Т.– педагогика илимдеринин доктору, проф.м.а. (13.00.01);

3.Ураимов К.М. – педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.(13.00.02);

4.Найманбаев М.Ж.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

5.Рыскулова Г.У.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

6.Тажибаева Ж.К.– педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.(13.00.02);

7.Ажыкулов С.М.– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);

8.Нусупова Р.С. .– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);

9.Ажыбаева З.А.–филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.00.01)

Отурумдун төрагасы, педагогика
илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиева

*Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктайм.*

*Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окумуштуу катчысы,*
*педагогика илимдеринин кандидаты* *Р.С. Нусупова*

Дата поступления в ДС Д 13.20.623
отзыва 8.02.2021г. Омурбаев Д.К.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ